БЕКИТЕМИН
Директор: А.Арыкова

**Педагогикалык кеңеш жана мектепти башкарууну уюштуруу жөнүндө жобо**

*Кыргыз Республикасынын билим берүү Мыйзамынын 38 беренесине жана мектептин уставына ылайык*

- Билим берүү уюмдарын башкаруу демократиялуулук, борборлоштуруудан окчундоо, өз алдынчалуулук жана өз алдынча башкаруу принциптеринде курулат.

- Педагогдук кеңеш К.Ботояров атындагы №10 орто жалпы билим беруучу мектебинин өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат.

- Өз алдынча башкаруу органдарын шайлоонун тартиби жана алардын компетенциялары, кеңеш жана билим берүү уюмунун жетекчисинин ортосундагы ыйгарым укуктарды ажырымдоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана мектептин уставы менен аныкталат.

- Билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат, ал билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун Озгон райБББ тарабынан дайындалат.

- Мектеп жетекчисинин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү анын окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде жүргүзүлөт.

- Жалпы билим берүүчү мектебинин түзүмү коюлган милдеттерди мектептин Уставын эске алуу менен жалпы билим берүүчү мектебинин директору тарабынан аныкталат, айыл өкмөтүнүн макулдугу боюнча билим берүүчү аймактык башкаруу органы тарабынан бекитилет.

- Кызматкерлердин саны финансылык ресурстарга жана окуучулардын санына жараша жалпы билим берүүчү мектеби тарабынан өз алдынча аныкталат.

- Кызматкерлердин функционалдык милдеттери директор тарабынан бекитилүүчү ички жоболор менен аныкталат.

- Жалпы билим берүүчү мектебин башкаруу «Билим берүү жөнүндө» КРнын мыйзамына жана жалпы билим берүүчү мектебинин Уставына ылайык демократиялуулук, ачыктык жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгы , адамдын өмүрүн жана ден-соолугун коргоо , инсандыкты эркин өнүктүрүү принциптеринде жүргүзүлөт.

- Жалпы билим берүүчү мектебин башкаруунун жогорку органы болуп анын уюштуруучулары эсептелет,алардын ыйгарым укуктарына жалпы билим берүүчү мектебинин ишин кординациялоо кирет.

Сканировано с CamScanner

- Жалпы билим берүүчү мектебин түздөн-түз жетектөөнү жалпы билим берүүчү мектебинин Уставында аныкталган тартипте жана КРнын мыйзамдарына ылайык дайындалган директор ишке ашырат.

- Жалпы билим берүүчү мектебинин директору :
  - педагогикалык жамаатка жетекчилик жүргүзөт;
  - кадрларды туура тандоону жана кадрларды жайгаштырууну камсыз кылат;
  - эмгек акы жана кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет;
  - кредиттерди бөлүштүрүүчү болуп эсептелет жана алыш –бериш эсептерине жана финансылык документтерге биринчи кол коюуга укуктуу;
  - бюджеттик жана атыйын каражаттар боюнча чыгымдар системасын бекитет;
  - чыгымдардын системасын аткаруу жөнүндө отчетторду жана балансты бекитет жана кол коёт.
  - бекитилген чыгымдар сметасына ылайык жалпы билим берүүчү мектебин өз учурунда жана толук каржылоого, каражаттарды максаттуу пайдаланууга контролдоо жүргүзөт;
  - кызматкерлердин идеалык теориялык денгээлдерин жана квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт;
  - окуучулардын билимдеринин сапатына жана жүрүм-турумуна , класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштердин мазмунуна жана уюштурулушуна контролдоо жүргүзөт.

- Директор жалпы билим берүүчү мектебинин атынан чыгат,келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт,ишеним каттарды берет,банктарда алыш-бериш жана башка эсептерди ачат.Белгиленген тартипте шартты бекитет, жалпы билим берүүчү мектебинин бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет,билим берүүчү башкаруу органгдарына бекитүү үчүн жалпы билим берүүчү мектебинин ишинин келечек, жылдык жана учурдагы пландарды киргизет

- Жалпы билим берүүчү мектебинин директору КРнын эмгек мыйзамдарында,келишимдеринде жана ушул Уставда каралган өзүнүн функционалдык милдеттемелеринде ылайык өзүнүн иши үчүн ата-энелердин мамлекеттин, коомчулуктун жана уюштуруучулардын алдында жеке жоопкерчилик тартат.

- Жалпы билим берүүчү мектебинде өз алдынча башкаруу формасы болуп жалпы билим берүүчү мектебинин педагогикалык, камкордук кенештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушу эсептелет.

Сканировано с CamScanner

- **Педагогикалык кеңеш.** Жалпы билим берүүчү мектебинде окуу тарбиялык процессти өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мугалимдердин кесиптик чеберчилиги жана чыгармачылык өсүүлөрүн жогорулатуу максатында **педагогикалык кенеш иштейт.Ал жалпы билим берүүчү мектебинин педагогикалык кызматкерлерин жалпы билим берүүчү мектебинин директорунун төрагалыгы астында бириктирген коллегиялуу орган.**

**Педагогикалык кенеш:**

- Билим берүүнүн мазмунун тандоону, окуу тарбиялык иштердин формаларын ,методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын талкуулайт жана ишке киргизет.

- Пед.кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу , алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурат;

- Окуучуларды кийинки класска көчүрүү,кийинки класска шарттуу көчүрүү о.э. ата-энелер менен макулдашуу боюнча окуучуну үй-бүлөөлүк билим берүү формасында кайта окутууга калтыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алат. Жалпы билим берүүчү мектебинин пед.кенешин зарылдыгына жараша директор чакырат.

- Педкеңеш билим берүү процессин башкаруунун, билим сапатына мониторинг жүргүзүп жана аларды анализдеп, аны жакшыртуунун оптималдуу жолдорун издөө максатында тематикалуу болот. ( Актуалдуу бир тема коюлуп, көзөмөл, маалымат, алдыга койгон милдеттер баары ошонун айланасында болот)

- Жумушчу педкеңештер чейректин, жылдын жыйынтыгы, жаңы окуу жылына милдеттерди кабыл алуу жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестацияга жиберүү ж.б. маселелерди карайт, коллегиалдуу чечим чыгарат.

Сканировано с CamScanner